«МАКУЛДАШЫЛДЫ»
Кыргыз Республикасынын
билим жана илим Министрлиги
____________________
«_1_» _июнь_ 2016-ж.

«БЕКИТЕМИН»
НМУнун ректору,
профессор ________ Өмүралиева Д.К.
«___» ____________ 2016-ж.

№___________ «____» __________ 2016-ж.

# С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАБЫЛ АЛУУНУН ЭРЕЖЕЛЕРИ

## I. Жалпы жоболор

1.1. Бул Эреже Кыргыз Республикасынын жана башка өлкөлөрдүн жарандарын С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетине (мындан ары – НМУ), юридикалык жана физикалык инсандарды жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окутуу үчүн акы төлөө келишимдеринин (мындан ары – окутуу үчүн акы төлөө келишимдери) негизинде кабыл алууну жөнгө салат.

1.2. Бул Эреже Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27-май, 2011 жылдагы №256 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуунун Тартибине», НМУнун Уставына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагындагы нормативдик актыларына ылайык иштелип чыкты.

1.3. НМУнун биринчи курсуна жалпы орто жана орто кесиптик билими бар инсандар кабыл алынат.

1.4. Кийинки курстарга жогорку окуу жайын (мындан ары – ЖОЖ) бүтпөй калгандыгы тууралуу тийиштүү үлгүдөгү справкасы бар же ар кыл баскычтардагы жогорку кесиптик билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар инсандар кабыл алынат. Тийиштүү адистиктердин кийинки курстарына тийиштүү профилдеги орто кесиптик билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар инсандар кабыл алынат. Орто кесиптик билимдин адистиктеринин жана аларга профили боюнча туура келген жогорку билимдин багыттарынын жана адистиктеринин тизмеси Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары – КР ББИМ) тарабынан бекитилет.

1.5. Магистрди даярдоо программасы боюнча окутууга базалык жогорку билимдин (бакалавриаттын) тиешелүү профили боюнча мамлекеттик үлгүдөгү диплому бар же толук жогорку кесиптик билимдин тектеш адистиги боюнча диплому бар инсандар кабыл алынат.

1.6. Кыргыз Республикасынын жарандары, эгер бул баскычта биринчи жолу билим алып жатса, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде конкурстук негизде НМУда бекер жогорку билим алуу үчүн укук алышат.

1.7. НМУда башка өлкөлөрдүн жарандарын окутуу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасы катышкан, аныкталган тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде, ошондой

эле билим берүү мекемелеринин ортосундагы келишимдердин, же айрым бир жарандардын ортосундагы келишимдердин негизинде жүргүзүлөт.

1.8. НМУнун күндүзгү, кечки, сырттан жана дистанттык окуу формасына тапшыруу үчүн башкы критерийлер болуп абитуриенттин билим деңгээли жана жөндөмү эсептелет.

1.9. Даярдоо багыттарынын, адистиктердин тизмесин жана аларга кабыл алуу планын КР ББИМ менен макулдашкандан кийин НМУ кабыл алууну жарыялайт.

1.10. Бул Жободо чагылдырылбаган жагдайлар Кыргыз Республикасынын нормативдик документтеринин негизинде НМУнун кабыл алуу комиссиясы тарабынан чечилет.

## II. НМУга кабыл алууну уюштуруу

2.1. НМУнун Гранттык комиссиясы күндүзгү жана сырттан окуу формасына абитуриенттерди жалпы республикалык тестирлөөнүн (мындан ары – ЖРТ) жыйынтыгы менен тандоо жана кабыл алуу үчүн түзүлөт.

2.2. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы, кабыл алуу планынын аткарылышы боюнча, лицензияда аныкталган чектүү контингентти сактоо боюнча, ошондой эле ЖОЖдорго кабыл алуу боюнча нормативдик укуктук актылардын талаптарын сактоо боюнча жоопкерчилик алып жүрөт, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт, алардын иштөө графигин, кабыл алуу жана апелляциялык комиссиялардын жарандарды кабыл алуу графигин бекитет.

2.3. Кабыл алуу комиссиясынын курамы, ыйгарым укугу жана ишмердүүлүгү НМУнун ректору бекиткен жобо менен аныкталат.

2.4. Кабыл алуу комиссиясынын ишмердүүлүгүн жана иш кагаздарын, ошондой эле абитуриенттерди жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеке кабыл алууну ректор дайындаган жооптуу катчы уюштурат. Жооптуу катчынын талапкерлиги КР ББИМ менен макулдашылат. Бир эле адам катары менен эки жылдан ашык жооптуу катчы боло албайт.

2.5. Кирүү сынактарын уюштуруу жана өткөрүү үчүн кабыл алуу комиссиясынын төрагасы сынак жана апелляциялык комиссияларынын курамын бекитет. Сынак жана апелляциялык комиссияларынын ыйгарым укугу жана ишмердүүлүгү ректор бекиткен жобо менен аныкталат. Сынак комиссиясы тажрыйбалуу окутуучулардан куралат жана анын курамынын 50%ынан кем эмес мүчөлөрү жыл сайын жаңыртылып турат.

2.6. Экинчи жана кийинки курстарга кабыл алууда аттестациялык сынактарды уюштуруу жана өткөрүү үчүн Административдик комиссия түзүлөт. Административдик комиссияны түзүү, анын курамы, ыйгарым укугу жана ишмердүүлүгү, ошондой эле аттестациялык сынактагы процедуралар ректор бекиткен тийиштүү жобо менен аныкталат.

2.7. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы НМУга кабыл алууда Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жарандардын билим тармагындагы укуктарын сактоону, гранттык жана кабыл алуу комиссияларынын ишинин ачыктыгын, тапшыруучулардын жөндөмдүүлүгүн баалоонун объективдүүлүгүн, кабыл алуунун бардык этаптарында кабыл алуу комиссиясынын жетекчилигинин жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.

2.8. Кабыл алуу комиссиясы абитуриенттин ЖРТга катышканынын тууралыгын текшерүүгө милдеттүү, ошондой эле абитуриенттин билими жөнүндөгү жана башка документтерди текшерүүгө укуктуу.

Казакстан Республикасынын, Россия Федерациясынын, Беларусь Республикасынын жана Таджикстан Республикасынын жарандары, "Экономикалык жана гуманитардык тармактардагы интеграцияны тереңдетүү жөнүндө Келишимге катышкан өлкөлөрдүн жарандары үчүн окуу жайларга тапшыруу үчүн бирдей укуктарды берүү жөнүндө" Макулдашуунун (1999-жыл) негизинде, жогорку окуу жайларга гранттык (бюджеттик) да, контракттык да орундарга тапшырууда Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей укукка ээ.

Чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын жалпы (толук) орто же орто кесиптик билим жөнүндө мамлекеттик документине эквиваленттүү (шайкеш келген) билими жөнүндө документти тапшырууга тийиш. Документтин эквиваленттүүлүгүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги аныктайт.

## III. Абитуриенттерге маалымат жеткирүүнү уюштуруу

3.1. Абитуриент, анын мыйзамдуу өкүлдөрү, ата-энеси НМУнун Уставы, анын билим берүү ишмердүүлүгүнө алган лицензиялары, мамлекеттик жана башка аттестациялардын (аккредитациялардын) сертификаттары, кабыл алуунун жобосу, ошондой эле кирүү сынактарынын программалары жана башка кабыл алууга байланышкан зарыл маалыматтар менен таанышууга укугу бар. Окуу үчүн акы төлөнүүчү орундарга келишим менен кабыл алууда кабыл алуу комиссиясы абитуриентти, анын мыйзамдуу өкүлдөрүн, ата-энесин келишимдеги тараптардын милдеттери жана укуктары, окуу үчүн акы төлөөнүн көлөмү жана тартиби, төлөөдө жеңилдик берүү мүмкүнчүлүктөрү менен тааныштырууга милдеттүү.

3.2. НМУ жогорку кесиптик билим берүү программаларына бул программалар боюнча билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө укук берүүчү лицензиялары болгондо гана жарандарды кабыл алууну жарыялайт.

3.3. НМУнун кабыл алуу комиссиясы ушул Эреженин 3.1. пунктунда көрсөтүлгөн документтерди, абитуриенттер жана (же) ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) тааныша алышы үчүн, өзүнүн официалдуу сайтында же маалымат тактасында жайгаштырууга милдеттүү.

3.4. Документтерди кабыл алууну баштаганга чейин НМУнун кабыл алуу комиссиясы төмөнкүлөрдү жарыялайт:

- НМУга кабыл алуу Эрежеси;
- Билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө укук берүүчү лицензиялардын негизинде НМУга кабыл алууга жарыяланган даярдоо багыттарынын жана адистиктеринин тизмеси;
- ар бир даярдоо багыты жана адистик боюнча жалпы билим предметтеринен кирүү сынактарынын тизмеси;
- жогорку билими бар инсандар үчүн кирүү сынагынын тизмеси жана аны өткөрүүнүн формасы;
- магистратуранын программасына кирүү сынактарынын жана аттестациялык (экинчи жана кийинки курстарга) сынактардын тизмеси жана өткөрүүнүн формасы;

- биринчи курска кабыл алуу үчүн ар бир даярдоо багыты жана адистик боюнча орундардын жалпы саны;

- сырттан келгендер үчүн жатакана жана андагы орундар жөнүндө маалымат;

- келишим менен акы төлөп окууга тапшыргандар үчүн келишимдин үлгүсү;

- магистратуранын программасына кирүү сынактарын жана аттестациялык (экинчи жана кийинки курстарга) сынактарды өткөрүүнүн мөөнөттөрү;

- окуу үчүн акы төлөөнүн мөөнөтү.

3.5. Документтерди кабыл алуу учурунда НМУнун кабыл алуу комиссиясы берилген арыздардын саны жана конкурс жөнүндө абитуриенттерге күн сайын маалымдап турат жана абитуриенттердин бардык суроолоруна жооп берүү үчүн атайын түз телефондук байланыш уюштурат. Берилген арыздардын саны, конкурс жөнүндө маалымат ар бир даярдоо багыты жана адистик боюнча даярдалып, НМУнун сайтында жана / же кабыл алуу комиссиясынын маалымат тактасында туруш керек.

## IV. Документтерди кабыл алуу

4.1. Акы төлөө келишимдери боюнча окуу үчүн орундарга документтерди кабыл алуу 1-июлда башталат. Магистратура программасы боюнча кабыл алуунун мөөнөттөрү өзүнчө нормативдик документтер менен аныкталат.

4.2. НМУга кабыл алуу жарандардын өздүк арыздары боюнча жүргүзүлөт.

4.3. Абитуриент бир эле учурда бир нече ЖОЖго, бир нече даярдоо багыттарына (адистиктерге) конкурска катышуу үчүн жана ошондой эле ар кандай формада билим алууга (күндүзгү, кечки, сырттан, дистанттык, экстернат) арыз бере алат.

НМУнун кабыл алуу комиссиясы жогорку билимдүү адистиктерге (бакалавр, толук жогорку билимдүү жана магистратура) жана НМУнун алдындагы орто кесиптик билим берүү мекемелеринин адистиктерине кабыл алуу жүргүзөт. НМУга кабыл алуу жөнүндө арыз жазуу учурунда абитуриент өзүн жана жарандыгын тастыктаган документин көргөзүүсү керек.

Арызга төмөнкү документтер тиркелет:

1. Жалпы орто билими, орто жана жогорку кесиптик билими жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документ. Орто кесиптик билимдин адистиктерине тапшырууда – толук эмес орто билими жөнүндө документ.
2. Паспорттун көчүрмөсү.
3. 3х4 өлчөмүндөгү 6 сүрөт.
4. Бакалавриаттын программаларына тапшырып жаткан абитуриенттер үчүн – Жалпы республикалык тестирлөөнүн сертификаты (эгер бул тиешелүү багытка милдеттүү түрдө талап кылынса).

Эгер абитуриент Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аныкталган жеңилдиктерге талапкер болсо, анда кошумча документтерди (ата-энесинин өлгөндүгү тууралуу күбөлүк, медициналык-социалдык экспертизанын бүтүмү ж.б.) тапшырыш керек.

4.4. НМУга кабыл алуу жөнүндө арыз жазууда абитуриент өз каалоосу боюнча анын өздүгүн, жарандыгын тастыктаган документтердин түп нускасын же нотариус аркылуу тастыкталган көчүрмөсүн, билими жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документтин түп нускасын же нотариус аркылуу тастыкталган көчүрмөсүн жана тийиштүү сандагы сүрөтүн тапшырат.

4.5. Кыргыз Республикасынын жарандарынын документтеринин көчүрмөсүнө ал документтердин түп нускасын алган ЖОЖ тастыктама бере алат. ЖОЖдун гербдүү мөөрүсүз документтердин көчүрмөсү тастыкталды деп эсептелбейт.

4.6. Чет элдик жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын жалпы орто же орто кесиптик билим жөнүндөгү мамлекеттик документине эквиваленттүү билим жөнүндө документин көрсөтүүгө тийиш. Документтерди экспертизациялоо КР ББИМ тарабынан жүргүзүлөт. КР ББИМнин билим деңгээлинин туура келүүсү жөнүндө маалымдамасы жок болсо, чет элдик жарандарды кабыл алууга жол берилбейт.

4.7. Абитуриенттерди гранттык (бюджеттик) орундарга тандоонун жана кабыл алуунун турларын өткөрүү тартиби өзүнчө жобо менен аныкталат.

4.8. Ар бир абитуриентке бардык тапшырылган документтерин жана кирүү, аттестациялык сынактарын тапшыруу боюнча материалдарын (анын ичинде НМУнун апелляциялык комиссиясынын протоколунун көчүрмөсүн) камтыган өздүк делосу ачылат.

Абитуриенттердин өздүк делосу тапшырган күндөн баштап НМУда алты ай сакталат. Кабыл алынбаган абитуриенттердин өздүк делолору алты айдан кийин жок кылынат.

4.9. Документтер тапшырылгандан кийин абитуриентке документтер кабыл алынгандыгы жөнүндө тил кат берилет.

4.10. Кабыл алуу комиссиясына жасалма документ тапшырган абитуриент Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

## V. Жалпы республикалык тестирлөө жана кирүү сынактары

5.1. Күндүзгү окуу формасына акы төлөп окуучу абитуриенттерди кабыл алуу конкурсу ЖРТнын жыйынтыгы менен гана өткөрүлөт. ЖРТнын баллы өтүү баллынан жогору болгон абитуриенттердин конкурска катышуу үчүн сертификаттарын албай коюуга кабыл алуу комиссиясынын укугу жок.

5.2. ЖРТнын жыйынтыгы менен акы төлөп окуу орундарына кабыл алуунун мөөнөтү жана тартиби, абитуриенттерди гранттык окууга тандоо жана кабыл алуу турларын өткөрүү менен бирдей негизде аныкталат. Абитуриент акы төлөп окуу орундарына конкурска катышуу үчүн арналган сертификаттын айрыма талондорун өз каалоосу боюнча пайдалана алат. Экинчи жана үчүнчү турда конкурска катышуу үчүн сертификатты пайдаланса болот. Конкурс абитуриенттердин категорияларын эске албастан жүргүзүлөт жана жогорку балл алган абитуриент кабыл алууга сунушталат.

5.3. Чет элдик жарандар үчүн кирүү сынактарын НМУ өзү уюштуруп, өткөрөт.

5.4. Кирүү сынактарын ЖРТнын жыйынтыктары боюнча абитуриенттерди тандоо турлары менен бир учурда өткөрүүгө болот.

5.5. Кирүү сынактарындагы предметтердин тизмеси НМУнун кабыл алуу эрежесинде аныкталат.

5.6. Кирүү сынактары (көркөм билим берүү багытынан башкасына) жалпы орто билим берүүнүн программаларына жооп берген программалар боюнча жүргүзүлөт.

5.7. Кирүү сынактарынын жана аттестациялык сынактардын жүгүртмөсү (предмет, күнү, убагы, тайпасы жана сынак өткөрүлүүчү жай, консультация, жыйынтыгын чыгаруу күнү) кабыл алуу комиссиясынын төрагасы же анын орун басары тарабынан бекитилет жана абитуриенттерге 10-июлга чейин маалымдалат. Кирүү жана аттестациялык сынактардын жүгүртмөсүндө сынак комиссиясынын төрагасынын жана сынак алуучулардын аты-жөнү көргөзүлбөйт.

5.9. Документтерди кабыл алуу аяктагандан кийин документин алып кеткендер конкурстан чыгарылат.

5.10. Кирүү сынактарына жүйөөлүү себеп менен келбей калгандар кийинки башка тайпалар менен киргизилет же сынак бүткөнчө өзүнчө киргизилет.

5.11. Экинчи жана андан кийинки курстарга кабыл алуу конкурсун, анын ичинен которуу жолу менен, аттестациялык сынактын негизинде НМУ өзү жүргүзөт.

5.12. Магистратуранын программасына тапшыруу үчүн конкурс жарандардын арызы менен кирүү сынактарынын негизинде жүргүзүлөт.

## VI. Кирүү сынактарын жүргүзүүнүн жалпы эрежелери

6.1. Кирүү сынактарын экзамен (оозеки же жазуу), тест (бланкада же компьютерде), аңгемелешүү ж.б. түрүндө өткөрүүгө болот.

6.2. НМУнун предметтик комиссиясы тарабынан иштелип чыккан оозеки сынактар үчүн тесттик тапшырмалар, билеттер, жазуу сынактары үчүн тапшырмалар жалпы орто билим берүү программасына, ал эми орто кесиптик билим берүүгө кабыл алууда толук эмес орто билим берүү программасына ылайык келиш керек.

6.3. Тесттик тапшырмалардын курамы, оозеки сынактар үчүн тесттик тапшырмалар, билеттер, жазуу сынактарынын тапшырмалары жана алардын ачкычтары (жооптору) кабыл алуу комиссиясынын төрагасында тест (экзамен) жүргүзүүнүн алдында гана ачылуучу чапталган конверттерде сакталышы керек.

6.4. Тесттин же жазуу сынагынын узактыгы НМУнун тийиштүү жобосу менен аныкталат.

6.5. Абитуриенттерди кирүү сынагына киргизүү паспортунун же өздүгүн тастыктаган башка документтеринин негизинде жүргүзүлөт.

6.6. Кирүү сынагынын алдында сынак комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан түшүндүрмө жүргүзүлөт.

6.7. Абитуриенттерге кирүү экзамени учурунда төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- китеп, дептер, мобилдик телефон, электрондук жазуу китепчелерин жана башка маалымат сактоочу каражаттарды алып киргенге жана колдонгонго;
- сынак өткөрүүчүлөрдүн уруксатысыз сүйлөшкөнгө же орун алмашып олтурууга;
- сынак билеттери, жооп бланкалары жана жазуулар менен алмашканга.

Кирүү сынактарынын талаптарын бир нече жолу бузган абитуриент чыгарып жиберилет жана кийинки сынактарга киргизилбейт. Чыгарып жиберүүдөн кийин сынак комиссиясынын мүчөлөрүнүн колу коюлган тийиштүү акт толтурулат.

6.8. Абитуриенттер аткарылган тесттик тапшырмаларды тапшырганда, комиссиянын мүчөлөрү тарабынан жооп бланкасында варианттардын төп келиши жана тесттик тапшырмаларда, жооп бланкаларында оңдоонун, башка белгилердин жоктугу, бланкалардын шариктүү же гелдик ручка менен толтурулушу текшерилет.

6.9. Кирүү сынактарында чоочун адамдардын болушуна тыюу салынат.

6.10. Сынак бүткөндө тесттер, жооп бланкалары жана сынак баракчалары кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысына өткөрүлөт.

6.11. Жооптуу катчы, кабыл алуу комиссиясынын мүчөлөрү менен бирдикте, сынак баракчаларына жана жооп бланкаларына шарттуу белги коюу аркылуу жазуу иштерине же жооп бланкаларына шифр коет.

6.12. Сынак баракчалары жооптуу катчыда калтырылат жана чапталган сейфте сакталат, ал эми жооп бланкалары сынак комиссияларынын мүчөлөрүнө текшерүү үчүн берилет. Текшерүүнү НМУнун корпусунда гана жүргүзүүгө уруксат берилет. Кирүү сынагына тиешеси жок адамдар текшерүүгө киргизилбейт.

6.13. Сынак иштерин текшерүү ошол күнү, шифрлөө жүргүзүлгөндөн кийин дароо жүргүзүлөт.

6.14. Сынак иштерин текшерүүдө төмөнкү эрежелерге таянуу керек:

- абитуриент суроонун эки вариантын белгилесе, жооп туура эмес деп эсептелет;
- жооп бланкаларында коюлган баллдардын жанында сөзсүз түрдө текшерген адамдын колу коюлуп жана аты-жөнү жазылыш керек;
- жооп бланкаларында ишке тиешеси жок коюлган кол же кандайдыр бир башка жазуулар табылса, тесттик тапшырма эки сынак алуучу тарабынан текшерилет.

6.15. Компьютердик тест өткөрүүдө суроолор жана жооптор компьютердин мониторунан көрүнөт. Тест бардык суроолорго жооп берилгенде же тестке бөлүнгөн убакыт аяктаганда токтотулат. Тесттин жыйынтыгы атайын электрондук протоколдо камтылат. Тесттин жыйынтыктары менен тааныштым деген факт абитуриенттин тесттик баракчасындагы колу менен тастыкталат жана сынак ведомостуна камтылат.

6.16. Абитуриенттин конкурска катышуусуна укук берүүчү минималдуу балл НМУ тарабынан мурунтан аныкталат жана максималдуу баллдын 40%ынан кем болбош керек.

6.17. Акы төлөп окуу келишими боюнча кабыл алууга сунушталган абитуриенттердин тизмеси сынак өткөндөн кийинки күнү эртең мененки саат 10дон кечикпей илиниши керек.

6.18. НМУга кабыл алынгандардын жазуу иштери алардын өздүк делолоруна тиркелиш керек. Кабыл алынбаган абитуриенттердин жазуу иштери алты айга чейин сакталат, андан кийин жок кылынат.

## VII. Апелляцияга берүүнүн жана кароонун жалпы эрежелери

7.1. Кирүү сынактарынын же аттестациялык сынактардын жыйынтыгынын негизинде абитуриент сынак тартибинин бузулушу жөнүндө жана (же) анын (алардын) жыйынтыгы менен макул болбосо апелляциялык комиссияга жазуу түрүндө апелляциялык арыз жазууга укугу бар. Сынак жазуу түрүндө өткөрүлгөн учурда, абитуриент өзүнүн иши менен тааныша алат.

7.2. Апелляциянын каралышы сынакты кайра тапшыруу болуп эсептелбейт. Апелляцияны кароонун жүрүшүндө кирүү сынагынан тапшыруу баасынын туура коюлгандыгы гана текшерилет.

7.3. Апелляция сынактын баасы угузулгандан кийинки күнү абитуриенттин өзү тарабынан берилет. Кабыл алуу комиссиясы апелляцияларды жумуш күнү бою кабыл алууну камсыз кылат.

7.4. Абитуриент апелляция каралып жатканда катышууга укугу бар. Абитуриенттин өздүгүн тастыктаган документ жана сынак баракчасы жанында болушу керек.

7.5. Жашы жете элек (18 жашка чейинки) абитуриент менен ата-энесинин бирөө же мыйзамдуу өкүлү катыша алат.

7.6. Апелляцияны карагандан кийин апелляциялык комиссиянын сынактын баасы жөнүндө чечими чыгарылат.

7.7. Апелляциялык комиссиянын мүчөлөрүнүн көз караштары төп келбесе добуш берүү жүргүзүлөт жана чечим көпчүлүк добуш менен бекитилет. Протокол менен толтурулган апелляциялык комиссиянын чечими абитуриентке билгизилет (абитуриенттин колу койдурулат).

## VIII. Кабыл алуу

8.1. НМУнун бардык окуу формаларына абитуриенттерди студенттердин катарына кабыл алуу билими жөнүндөгү документинин түп нускасы же анын дубликаты болгондо гана жүргүзүлөт.

8.2. Абитуриенттерди ЖРТнын жыйынтыгы менен студенттердин катарына кабыл алуу тесттин жыйынтыктары жөнүндө сертификаттын түп нускасы тапшырылган учурда гана жүргүзүлөт.

8.4. Абитуриенттерди акы төлөө келишиминин негизинде НМУнун күндүзгү бөлүмүнүн студенттеринин катарына кабыл алуу 25-августка чейин, башка окуу формаларына 31-августка чейин жүргүзүлөт.

8.5. Сынакта оң баа алган төмөнкү жарандар акы төлөп окуучу орундарга конкурстан тышкары кабыл алынат:

- Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан аныкталган жеңилдиктерге укугу бар запаска бошотулган аскер кызматкерлери;
- томолой жетим жана ата-энесинин кароосунан сырткары калган балдар (ушул жылдын 1-октябрын кошкондо 18 жашка чейин);
- ден-соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар, медициналык-социалдык экспертизанын ЖОЖдо тандап алган даярдоо багытында жана адистигинде окууга карама-каршы келбейт деген бүтүмүнүн негизинде;
- эл аралык жана республикалык олимпиаданын жеңүүчүлөрү (ушул жылы 1-3 орундарды алгандар), эгер олимпиададагы предмет тандап алган даярдоо багытына жана адистигине туура келсе.

8.6. Олимпиадалык оюндардын жеңүүчүлөрү жана чемпиондору, дүйнө жана Азия оюндарынын чемпиондору НМУнун дене тарбия жана спорт тармагындагы даярдоо багыттарына жана адистиктерине (бакалавр, толук жогорку билимдүү, магистратура) кирүү сынагысыз кабыл алынат.

8.7. ЖОЖго даярдоо бөлүмүнүн угуучулары НМУга жалпы негизде кабыл алынат.

8.8. Кирүү сынагына себепсиз келбегендер, ошондой эле канааттандырарлык баа албагандар конкурска катыша албайт жана НМУга кабыл алынбайт.

8.9. Кирүү сынактарынан же ЖРТдан топтогон баллдарын көрсөтүү менен конкурстун жыйынтыгынын негизинде окууга кабыл алуу жөнүндө буйрук

НМУнун өздүк сайтында жана кабыл алуу комиссиясынын маалымат тактасында жарыяланат.

8.10. КР ББИМ тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүдө конкурсту туура эмес өткөрүү жана абитуриентти укук бузуу менен кабыл алуу, анын ичинен ЖРТнын жыйынтыгы жөнүндөгү жалган маалымат фактылары аныкталса, студент окуудан чыгарылат.

## IX. Маалыматты тапшыруу жана көзөмөлдөө

9.1. Жыйынтыктоочу маалыматтарды КР ББИМге НМУ төмөнкү мөөнөттөрдө тапшырат:

- бюджеттик негизде окутууга – 15-сентябрга чейин;
- акы төлөө келишиминин негизинде окутууга – 15-октябрга чейин.

9.2. НМУнун кабыл алуу комиссиясынын ишмердигин текшерүү КР ББИМ тарабынын жүргүзүлөт.